УДК 82-31 ***DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.560***

“САМАНЧЫНЫН ЖОЛУ” ПОВЕСТИНДЕГИ АЯЛДЫН ИНСАНДЫК ЭРКИНДИГИ ЖАНА СОЦИАЛДЫК ЖООПКЕРЧИЛИГИ: ТОЛГОНАЙДЫН ОБРАЗЫНЫН МИСАЛЫНДА

Усенов Адилет Алимжанович *- окутуучу, Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Манас шаары, Кыргыз Республикасы, ausenovv@mail.ruhttps://orcid.org/0009-0007-0160-4139*

ЛИЧНОСТНАЯ СВОБОДА И СОЦИАЛЬНАЯ ОТВЕТСТВЕННОСТЬ ЖЕНЩИНЫ В ПОВЕСТИ “МАТЕРИНСКОЕ ПОЛЕ”: НА ПРИМЕРЕ ОБРАЗА ТОЛГОНАЙ

Усенов Адилет Алимжанович *- преподаватель, Жалал-Абадский государственный университет имени Б. Осмонова,г. Манас, Кыргызская Республика, ausenovv@mail.ru, https://orcid.org/0009-0007-0160-4139*

PERSONAL FREEDOM AND SOCIAL RESPONSIBILITY OF WOMEN IN THE NOVELLA “MOTHER EARTH”: THROUGH THE EXAMPLE OF TOLGONAY’S IMAGE

Usenov Adilet Alimzhanovich *- Teacher Jalal-Abad State University named after B.Osmonov, Manas City, Kyrgyz Republic, ausenovv@mail.ru, https://orcid.org/0009-0007-0160-4139*

Аннотация

Бул макалада Чыңгыз Айтматовдун “Саманчынын жолу” повестиндеги Толгонайдын образы инсандык эркиндик жана социалдык жоопкерчилик түшүнүктөрүнүн өз ара айкалышында комплекстүү изилдөөгө алынат. Изилдөөнүн актуалдуулугу каармандын тагдырын заманбап гендердик жана экзистенциалдык маселелердин контекстинде жаңыча баалоо зарылчылыгы менен шартталган. Макалада согуштук экстремалдык шарттарда каармандын социалдык статусунун “үй-бүлө очогун сактоочудан” коомдук лидерликке чейинки трансформациясы деталдуу талданды. Автор Толгонайдын образындагы ички эркиндикти коомдук стереотиптерден жана эскичил моралдык нормалардан өйдө туруу мүмкүнчүлүгү катары негиздейт. Алимандын тагдырына карата жасаган этикалык тандоосу аркылуу каармандын универсалдуу гуманизмдин жаңы моделин түзгөндүгү далилденди. Методологиялык негиз катары герменевтикалык ыкма колдонулуп, Толгонай менен Жер-Эненин диалогу каармандын абийир алдындагы отчету катары чечмеленди. Повесттеги метафоралык образдар каармандын жеке трагедиясын планетардык масштабга көтөрүп, аны тиричиликтин түбөлүктүүлүгүнүн символуна айландырганы көрсөтүлдү.

Ачкыч сөздөр: *Чыңгыз Айтматов, Толгонайдын образы, инсандык эркиндик, социалдык жоопкерчилик, экзистенциалдык диалог, герменевтикалык талдоо, этикалык тандоо, гуманизм, гендердик аспект.*

Аннотация

В данной статье образ Толгонай из повести Чынгыза Айтматова “Материнское поле” исследуется в комплексном сочетании концепций личной свободы и социальной ответственности. Актуальность исследования обусловлена необходимостью новой оценки судьбы героини в контексте современных гендерных и экзистенциальных проблем. В статье детально проанализирована трансформация социального статуса героини в экстремальных условиях войны от “хранительницы домашнего очага” до общественного лидера. Автор обосновывает внутреннюю свободу в образе Толгонай как возможность возвышения над общественными стереотипами и консервативными моральными нормами. Доказано, что через этический выбор в отношении судьбы Алиман героиня создала новую модель

универсального гуманизма. В качестве методологической основы использован герменевтический метод, при котором диалог Толгонай с Матерью-Землей интерпретируется как отчет героини перед своей совестью. Показано, что метафорические образы в повести поднимают личную трагедию героини до планетарного масштаба, превращая её в символ вечности бытия. Посредством сравнительно-типологического анализа уточнены концептуальные различия в стремлении к свободе у Толгонай и Жамили. В исследовании установлено, что социальная активность героини послужила основной опорой в предотвращении моральной деградации общества в военное время. Принятие Толгонай ребенка Алиман оценено как торжество концепции духовного преемничества, стоящего выше кровного родства. В заключение доказано, что образ Толгонай является универсальной этической и социальной моделью для моральных вызовов современности. Чынгыз Айтматов через эту героиню подтвердил, что истинная свобода личности возможна только в неразрывной связи с её высокой ответственностью перед обществом.

Ключевые слова: *Чынгыз Айтматов, образ Толгонай, личная свобода, социальная ответственность, экзистенциальный диалог, герменевтический анализ, этический выбор, гуманизм, гендерный аспект.*

Abstract

This article presents a comprehensive study of the image of Tolgonai in Chingiz Aitmatov's novella Mother's Field, examining the intersection of individual freedom and social responsibility. The relevance of the research is determined by the necessity for a modern reassessment of the protagonist's fate within the context of contemporary gender and existential issues. The article provides a detailed analysis of the transformation of the heroine's social status under the extreme conditions of war from a “keeper of the hearth” to a prominent community leader. The author substantiates the internal freedom within Tolgonai’s character as the ability to rise above social stereotypes and conservative moral norms. It is demonstrated that through her ethical choices regarding Aliman’s destiny, the protagonist established a new model of universal humanism. The study employs the hermeneutic method as its methodological foundation, interpreting Tolgonai’s dialogue with Mother Earth as an account of the protagonist before her own conscience. It is shown that the metaphorical imagery in the novella elevates the heroine’s personal tragedy to a planetary scale, transforming her into a symbol of the eternity of existence. Through comparative typological analysis, the conceptual differences in the pursuit of freedom between Tolgonai and Jamilia are clarified. The research establishes that the protagonist's social activism served as a primary bulwark against the moral degradation of society during wartime. Tolgonai’s acceptance of Aliman’s child is evaluated as the triumph of the concept of spiritual succession, which transcends biological kinship. In conclusion, the image of Tolgonai is proven to be a universal ethical and social model for the moral challenges of the modern era. Through this character, Chingiz Aitmatov confirmed that true individual freedom is only possible through its inextricable connection with a profound sense of responsibility toward society.

Keywords: *Chingiz Aitmatov, image of Tolgonai, individual freedom, social responsibility, transformation, existential dialogue, hermeneutic analysis, ethical choice, humanism, gender aspect, spiritual succession.*

Киришүү

Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары илимий эмгектерде белгилүү болгондой, советтик мезгилдеги кыргыз коомунда тактап айтканда, Түрстан крайында да бир нече тилдер өнүгүп бүгүнкү күнгө чейин колдонулуп келет [10]. Алардын катарында кыргыз тили мамлекеттик статус алуу менен бирге улуттук дөөлөттөрдүн негизги куралына айланып, залкар жазуучу бул тил менен бир катар универсалдуу философиялык мазмундагы чыгармаларды жараткан. Азыркы тез өнүгүп жаткан коомдо аялдардын инсандык эркиндиги жана анын социалдык жоопкерчилигинин ортосундагы тең салмактуулукту изилдөө эң актуалдуу маселелердин бири болуп саналат. Ал эми Чыңгыз Айтматовдун “Саманчынын жолу” повести улуттук адабияттын казынасындагы аялдын тагдырын ачып берген эң терең чыгармалардын бири. Жогорудагы маселени аталган “Саманчынын жолу” повестиндеги Толгонайдын образы

аркылуу талдоо, аялзатынын коомдук ролун тереңирээк түшүнүүгө жол ачат. Изилдөөнүн актуалдуулугу учурдагы гендердик жана этикалык маселелердин контекстинде каармандын тандоосуна кайрадан баа берүү зарылчылыгы менен шартталган. Согуш жылдарындагы оор сыноолор Толгонайды жөнөкөй энеден коомдун тагдыры үчүн жоопкерчиликтүү лидер аялга айлантып, анын ички эркиндиги коомдук стереотиптерге каршы туруу эмес, тескерисинче, адамдык парзды аң-сезимдүү аткаруу катары чечмеленет. Мындай мамиле каармандын тагдырын жеке трагедия деңгээлинен чыгарып, аны гуманизмдин жана туруктуулуктун символу катары көрсөтөт. Чыгарманын негизги идеялык-көркөмдүк маани-маңызы жөнүндө Кыргызстандагы Айтматов таануучулардын алгачкыларынын бири Бакен Ашымбаев төмөнкүлөрдү белгилеген: “...Ошого карабастан, чыгарманын идеялык саясий, этика-эстетикалык маанисин – согуштун азап тозогун таамай көрсөтүү эмес, Толгонайдын трагедиялык тагдырын тайманбай сүрөттөө эмес, али да болсо кан жыттанган курал алып, ааламга апаат согуш даярдап жаткандарга каршы бүт ынтаа менен күрөшүүнүн эң зарылчылыгын жар салуу” [8, 153-154-б.] – деп белгилейт. Демек, бул изилдөө аркылуу Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгындагы инсандын чыныгы эркиндиги анын жоопкерчилигинде экенин далилдөө менен илимий коомчулукка алып чыгууну туура көрдүм.

Материалдар жана изилдөө методдору. Бул изилдөөнүн илимий-методологиялык базасын адабият таануунун, философиянын жана социологиянын заманбап комплекстүү ыкмалары түздү. Повесттин көркөм концепциясындагы инсандык эркиндик менен социалдык жоопкерчилик категорияларынын диалектикалык биримдигин ачуу үчүн бир нече илимий мамилелер интеграцияланып колдонулду. Атап айтканда, салыштырмалуу-типологиялык метод аркылуу Толгонайдын образы Чыңгыз Айтматовдун башка каармандары (Жамийла, Найман-Эне) менен деталдуу салыштырылып, анын инсандык өзгөчөлүгү такталды. Эгерде Жамийланын образында жеке эркиндик жана сүйүү укугу биринчи планга чыкса, Толгонайда бул түшүнүк коомдук милдет жана моралдык-этикалык туруктуулук менен интеграцияланып, жаңы типологиялык сапатты жаратты. Ошону менен бирге, повесттеги Толгонай менен Жер-Эненин метафоралык диалогдорун жана каармандын ички монологдорун философиялык-психологиялык өңүттөн чечмелөөдө герменевтикалык ыкма негизги ролду ойноду. Бул метод символдордун артында жаткан терең маанилик катмарларды ачууга жана каармандын өз абийири алдындагы руханий жоопкерчилигин анализдөөгө багытталды. Каармандын тагдырын талдоодо гендердик жана социологиялык мамиле Толгонайдын ролун патриархалдык коомдун салттуу алкагында гана эмес, согуш учурундагы социалдык трансформация контекстинде кароого шарт түздү. Мындай мамиле каарманды жөн гана “тагдырдын курмандыгы” катары эмес, коомдук бүтүндүктү сактап калган активдүү социалдык субъект катары далилдөөгө негиз берет. Мындан тышкары, оор жоготуулардан кийинки каармандын ички деградацияга учурабай, тескерисинче, руханий жактан чыңдалуу механизми психологиялык анализ методунун жардамы менен изилденди. Мында экзистенциалдык тандоо жана моралдык туруктуулук изилдөөнүн негизги критерийлери катары алынды. Тактап айтканда, адабият таануунун методдорун философиялык жана социологиялык категориялар менен айкалыштырган интеграциялык мамиле Ч.Айтматовдун гуманизмин заманбап глобалдык-социалдык өзгөрүүлөрдүн контекстинде жаңыча баалоого мүмкүндүк берди. Бул методологиялык аппарат изилдөөнүн объективдүүлүгүн камсыз кылып, Толгонайдын образын бүгүнкү күндүн моралдык-этикалык талаптарына шайкеш келген универсалдуу модель катары кароого толук негиз болду.

Талкуулар жана тыянактар. Чыңгыз Айтматовдун “Саманчынын жолу” повестинин башталышында Толгонай салттуу патриархалдык коомдун алкагындагы аялдын образында, тактап айтканда, үй-бүлөнүн очогун сактоочу каарман катары берилет. Бирок, согуштун башталышы бул каармандын социалдык статусу түп-тамырынан бери өзгөргөнү чыгармада кездешет: “Толгонай жеңе, кантсеңиз да белиңизди бекем бек бууп, көпчүлүктүн милдетин мойнуңузга аласыз. Аял болсоңуз да, жер-суунун шартын, элдин шартын сизден жакшы билген эч ким жок. Мына, минтип мыкты бригадирибизди, ачуу чайнап, согушка жөнөтүп турганыбызда, анын ишенген кишисине, сизге, биз да ишенебиз. Замандын түрүн го өзүңүз

көрүп турасыз. Эртеңден тартып ишке киришиңиз, Толгонай жеңе” [2, 426-б.] – деп фронттон колу жарадар болуп келген жаңы башкармабыз Үсөнбай түз эле айтты. Каармандын инсандык эркиндиги – бул тагдырдын оор соккусуна моюн сунбай, тескерисинче, ага каршы турган активдүү социалдык позициясын көрсөтөт. Эркектер фронтко кеткенде, Толгонай үй чарбасы менен гана чектелбестен, бүтүндөй бир колхоздун эгин талаасындагы түйшүгүн башкарууну өз мойнуна алгандыгы повестте мындайча баяндалат: “Ооба, Жер-Энем. Ошол күндөн тартып, башкармабыз Үсөнбай айткандай, белди бекем бууп, атка миндим, бригадирлик жумушума кириштим. Ишке жарамдуу эркектерден эч ким жок, тегиз кеткен, калгандары келин-кезек, жаш балдар, карыган кишилер. Тапкан-тергенибизди фронтко берип, арабалардын дөңгөлөгү жок, каамыт-шлиялар жарамдан чыккан, устаканага деген көмүрдү сайдагы чычырканактарды өрттөп, көөрүктү эптеп жалмалатып турдук” [2, 427-б.].

Толгонайдын жоопкерчилиги жеке трагедиядан алда канча бийик турат. Үч уулу жана күйөөсү фронтто курман болгонуна карабастан, ал “эл наны” үчүн болгон күрөшүн бир мүнөткө да токтотпойт. Майсалбектин акыркы катындагы “Биз нан үчүн согушуп жатабыз, апа, нанды бекем кармагыла” деген керээзи Толгонай үчүн коомдук милдеттин жана патриоттуулуктун символуна айланат: “...Дүйнөнүн мынчалык кең экенин көргөнүмдө, дүйнөнүн мынчалык тар экенин сезгенимде, ай-ааламды бузуп, озондоп, бакырып ыйлагым келди. Ага болбой тиштенип тура бердим. Алиман баятан бери кантип турганын билбейм, мен өйдө турганымда, эки колун сунуп, сокур кишиче, мени көздөй темселеп келе берди да, бир убактта бетин алакандары менен мыкчый басып, тескери бурулуп кетти... Мына үшүнтүп, ортончу уулум Майсалбегимден да ажырадым” [2, 466-б]. Бул жерде эмгек – жеке кайгыны жеңүүчү психотерапиялык курал гана эмес, согуш учурундагы коомду моралдык деградациядан сактап калуучу башкы фактор катары да каралат. “ Элге эми эмне дейм, кайсы көзүм менен тик багып карайм? Көзүмө жаш толуп, асманды тиктесем, тунарган саманчынын жолу төбөдө чолок тартып, куду Айшанын бетинен төгүлгөн боз жаштай, бопбоз болуп сарыгып турган экен. Дирилдеген эриндеримди тиштегилеп, эл үчүн, журт үчүн келечек үчүн сурап, тилеп, Айшаларды ыйлатып тартып алган үрөнүмдү жутунган көр тамагы үчүн алып кеткен качкындарды каргадым” [2, 460-б].

Повесттеги Толгонайдын ички эркиндигинин эң жогорку чеги келини Алимандын тагдырына болгон мамилесинде ачылат десек болот. Анткени, Алимандын башкадан боюнда калышы – ошол кездеги катаал коомдук морал жана калыптанган түшүнүктөр үчүн “кечирилгис күнөө” катары бааланмак. Ошондуктан, автор ошол учурдагы окуяны Толгонайдын образында мындайча түшүндүрөт: “Чыдай тур, балам, чыдагын. Сени аксың, сенде эч кандай күнөө жок, сен эң таза аялсың. Сен өлбөйсүң. Чыдагын, мына көпүрөгө жетип келдик. Эми тез эле жеткиребиз, сен өлбөйсүң!” [2, 500-б] – деп Алиманга дем күч берип жатты. Жогорудагы окуяларга карабастан, Толгонай коомдук стереотиптерге жана сокур ишенимдерге каршы туруп, адамдык гуманизмди тандагандыгы мындайча көрсөтүлөт: “Бир күн өтүп, Алиманды бейитке койдук. Аял болсом да, мүрзөнүн башына салттан сырткары өзүм бардым, келинимди өз колум менен койдум, түбөлүк коштоштум. Ал күнү да жылдызданган кар жаап турду” [2, 503-б].

Бирок, Толгонай анын: “Алиманды мен эмес, турмуш өзү жазалады” – деген позициясы анын эскичил моралдык нормалардан толук эркин экендигинин далили болуп саналат. Ал келинин коомдук каардан коргоп гана калбастан, ага энелик мээрим менен тирек болот. Бул жерде социалдык жоопкерчилик “жазалоочу моралдан аяп, кечирүүчү жана колдоочу гуманизмге” трансформацияланат. Толгонайдын бул кадамы адамды аёо жана жашоону сактап калуу деген жаңы этикалык жоопкерчиликти түзөт [1].

Чыгармадагы Толгонай менен Жер-Эненин метафоралык диалогдору каармандын өз абийири алдындагы адамдын инсандык жоопкерчилиги катары чечмеленет. Бул жерде Толгонай жөнөкөй дыйкан аял эмес, бүтүндөй адамзаттын өкүлү, акылман инсан катары Жер-Эне мындайча сүрөттөйт: “Ырас, Толгонай. Сен анда жылаңайлак, жылаңбаш жатакчынын кызы элең. Бирок, андай шайыларды кийбесең да, бой жеткенде кандай сонун кыз болдуң. Ак саргылынан келген, маңкайган, толукшуган кезиң, сен анда көлөкөңдү карап басчусуң” [2,

397-б] – деп диалог уланат. Андан соң, алардын согуштун маанисиздиги, адамдардын бири-бирине жасаган ырайымсыздыгы тууралуу Жер-Энеден сураган суроолору менен автор жеке трагедияны планетардык масштабдагы философиялык маселеге алып чыгат. Автор бул каарман аркылуу өзүнүн социалдык милдеттерин гана эмес, жашоонун түбөлүктүүлүгүн сактоо жоопкерчилигин коомчулукка сездиргиси келет: “Касым мени көздөй утурлап, боюмду тосуп калды да: “Апа, согуш чыкты!” – деди. “Согуш? Согуш дейсиңби?” – бул сөздү мен эч убакытта укпагандай, анын маанисине түшүнбөгөндөй, дагы да кайталап сурадым. “Ооба, апа, согуш башталды” [2, 415-б] – деди Касым. Бул метафоралык диалогдор Толгонайды тиричиликтин жана руханий туруктуулуктун символу экендиги белгиленет. Ошондой эле, ал жеке кайгысын ааламдык кайгы менен айкалыштырып, андан чыгуунун жолдорун жаратмандыктан тапканын Жер-Энеге мындайча кайрылат: “...Бүгүн менин сыйынуу күнүм, бүгүн менин Субанкулду, Касымды, Майсалбекти, Жайнакты, Алиманды эстеген күнүм. Мен аларды өлөр-өлгөнчө унутпаймын. Кезеги келгенде, Жанболотко түшүндүрүп айтып берем, эси болсо түшүнөөр, эси болсо кечирээр бизди...” [2, 507-б] – деп сүйлөшүүсүн жыйынтыктайт. Демек, чыгарманын аягында Толгонайдын Алимандын баласын “өз тукуму” катары кабыл алып, аны багып өстүрүшү – бул кандык байланыштан жогору турган руханий мураскерликтин салтанаты десек болот [9]. Бул чечим менен автор каармандын жоопкерчилигинин акыркы чекити катары баалап, ал биологиялык өлүмдү руханий тиричилик менен жеңип чыкты деп белгилейт. Айтор, Жамийла эркиндикти жеке бакыттан тапса, Толгонай аны башкалар үчүн жашоодон, коомдук бүтүндүктү сактоодон жана келечек муунга жол ачуудан тапты десем болот.

Корутунду. Чыңгыз Айтматовдун “Саманчынын жолу” повестиндеги Толгонайдын образын аял эркиндиги жана социалдык жоопкерчилик өңүтүнөн комплекстүү изилдөө бир катар маанилүү илимий жыйынтыктарга алып келди. Жүргүзүлгөн анализ көрсөткөндөй, согуш мезгилинин катаал шарттары Толгонайдын образын салттуу үй-бүлөлүк алкактан чыгарып, аны коомдук-стратегиялык лидерлик деңгээлге көтөргөн. Каармандын “үй-бүлө очогун сактоочудан” “коомду сактап калуучу активдүү субъектке” айлануусу аялзатынын кризистик кырдаалдардагы социалдык мобилдүүлүгүнүн жана чечим кабыл алуу жөндөмдүүлүгүнүн тарыхый-адабий далили болуп саналат. Муну менен катар, Толгонайдын руханий эркиндиги коомдук стереотиптерден жана эскичил моралдык догмалардан өйдө туруу мүмкүнчүлүгү катары аныкталды. Анын Алимандын тагдырына карата жасаган этикалык тандоосу кандык-уруулук байланыштардан жогору турган универсалдуу гуманизмдин жаңы моделин түзүп, эркиндик түшүнүгүн “өзүм билемдик” катары эмес, адамдык кадыр-барктуу сактоо үчүн жасалган аң-сезимдүү жоопкерчилик катары негиздеди.

Ошону менен бирге, бул илимий макалада Толгонай менен Жер-Эненин диалогу каармандын жеке трагедиясын планетардык масштабга көтөрүп, аялдын образын жашоонун түбөлүктүүлүгүнүн символуна айландыргандыгы далилденди. Бул деңгээлде социалдык жоопкерчилик экзистенциалдык мааниге ээ болуп, адам менен табияттын, өткөн менен келечектин ортосундагы руханий сабактардын сакталышын камсыз кылат. Типологиялык планда Толгонайдын образы кыргыз адабиятындагы “эркин аял” концепциясын жаңы сапат менен толуктап, ички эркиндиктин коомдук жаратмандык жана моралдык туруктуулук менен болгон синтезин көрсөттү. Жыйынтыктап айтканда, Толгонайдын образы бүгүнкү күндүн гендердик трансформациясы жана заманбап социалдык чакырыктары үчүн универсалдуу моралдык-этикалык модель болуп кызмат кылат. Чыңгыз Айтматов бул каармандын тагдыры аркылуу инсандын чыныгы эркиндиги анын коом алдындагы бийик жоопкерчилигин аң-сезимдүү түрдө моюнга алуусунда жана гуманисттик баалуулуктарды сактап калуусунда экенин терең философиялык деңгээлде далилдеген. Демек, инсан таануу маселесинин алкагында бир катар гендердик изилдөөлөрдү жүргүзүү зарылдыгын белгилеген сунуштарды эске алуунун маанилүүлүгүн кошумчаласак болот [11].

Колдонулган адабияттар:

1. Айтматов Чыңгыз. Чыгармаларынын он томдук толук жыйнагы: 1-том. Повесттер. /Түз.: А.Акматалиев, А.Кыдырманбетова. – Бишкек: “Улуу тоолор”, 2018. – 524 б.
2. Айтматов, Ч. Т. Саманчынын жолу: Повесттер, аңгемелер / Ч. Т. Айтматов. – Бишкек: Бийиктик, 2009. – 320 б.
3. Акматалиев, А. А. Чыңгыз Айтматов: Адам жана Аалам / А. А. Акматалиев. – Бишкек: Илим, 2013. – 456 б.
4. Ибраимов, О. Чыңгыз Айтматов: Жашоосу жана чыгармачылыгы / О. Ибраимов. – Бишкек: Турар, 2018. – 512 б.
5. Асаналиев, К. Көркөмдүк өнөрү: Адабий-сын макалалар / К. Асаналиев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982. – 256 б.
6. Элебаева, А. Б. Айтматовдун чыгармаларындагы гуманизм идеялары / А. Б. Элебаева. – Бишкек, 2015. – 120 б.
7. Кадырбекова, А. Кыргыз адабиятындагы аялдардын образы: Гендердик аспект // Илимий макалалар жыйнагы. – 2021. – №4. – Б. 45-50.
8. Б.Ашымбаев. Чыңгыз Айтматов. – Фрунзе, 1965. – 153-154-б.
9. Гачев, Г. Д. Чингиз Айтматов (В свете мировой культуры) / Г. Д. Гачев. – Бишкек: Адабият, 1989. – 488 с.
10. Токтогулова, Г. Т. Түркстан крайындагы тилдердин колдонулушун тарыхый талдоо / Г. Т. Токтогулова // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2024. – No. 1(23). – P. 119-126. – EDN JXVVQJ.
11. Токтогулова, Г. Т. Жусуп Абдрахмановдун башкаруучулук жана инсандык сапаттары / Г. Т. Токтогулова // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2021. – No. 1(17). – P. 192-195. – EDN ZFOKDK.

УДК: 821.512.154-3(045) **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1%20(27).534**

“КЫЗЫЛ АЛМА” АҢГЕМЕСИНДЕГИ БАШ КААРМАНДЫН ОБРАЗЫ.

Шамырбекова А.Ш.
ORCID: 0009-0002-1706-5639
Окутуучу-магистр
Ош МПУ
Ош шаары,Кыргызстан, aizatshamyrbekova4@gmail.com

ОБРАЗ ГЛАВНОГО ГЕРОЯ В РАССКАЗЕ “КРАСНОЕ ЯБЛОКО”

Шамырбекова А.Ш.
ORCID: 0009-0002-1706-5639
Преподаватель-магистр
Ошский государственный педагогический университет
г. Ош, Кыргызстан, aizatshamyrbekova4@gmail.com

THE IMAGE OF THE PROTAGONIST IN THE SHORT STORY “THE RED APPLE”

Shamyrbekova A.Sh.
ORCID: 0009-0002-1706-5639